2-тиркеме

## Сандык чектөөлөрдү (квоталарды) бөлүштүрүү эрежелери

1. Сандык чектөөлөрдү (квоталарды) бөлүштүрүүнүн ушул эрежелери (мындан ары – Эрежелер) Кыргыз Республикасынын аймагынан үчүнчү өлкөлөргө жана Евразия экономикалык бирлигинин өлкөлөрүнө 12 айдан ашкан ири мүйүздүү малды, койлорду жана эчкилерди, жылкыларды ташып чыгууга тышкы соода ишинин катышуучуларынын ортосунда тарифтик квоталардын көлөмдөрүн бөлүштүрүүнүн тартибин аныктайт.

2. Агроөнөр жай комплексин өнүктүрүү жаатындагы ыйгарым укуктуу орган (мындан ары – ыйгарым укуктуу орган) ушул Эрежелер колдонууга киренден тартып 3 жушумчу күндөн кечиктирбестен ыйгарым укуктуу органдын интернет-ресурсуна 12 айдан ашкан ири мүйүздүү малды, койлорду жана эчкилерди, жылкыларды ташып чыгууга квоталарды бөлүштүрүү башталгандыгы жөнүндө кулактандырууну жайгаштырат.

3. Кулактандырууда төмөнкү маалыматтар көрсөтүлөт:

1) 12 айдан ашкан ири мүйүүздү малды, койлорду жана эчкилерди, жылкыларды ташып чыгуунун сандык чеги;

2) бир товар өндүрүүчүгө 12 айдан ашкан ири мүйүздүү малды, койлорду жана эчкилерди, жылкыларды ташып чыгууга чек.

4. Ушул Эрежелер колдонууга киргизилгенден кийин 12 айдан ашкан ири мүйүздүү малды, койлорду жана эчкилерди, жылкыларды ташып чыгууга квотанын көлөмүнүн сандык чеги түзүлөт.

5. 12 айдан ашкан ири мүйүздүү малды, койлорду жана эчкилерди, жылкыларды ташып чыгуунун сандык чеги бир товар өндүрүүчүгө – 5 000 (беш миң) баштан ашпайт.

6. Бир товар өндүрүүчүгө берилүүчү квота товар өндүрүүчүнүн кубаттуулугунун 50 % ашпоого тийиш, ошондой эле:

- квотаны бөлүштүрүү учурунда малдын иш жүзүндөгү саны “Жаныбарларды жана жаныбарлардан алынган азыктарды идентификациялоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык катталууга жана идентификациялоого тийиш;

- товар өндүрүүчү ветеринария боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда катталууга тийиш.

7. Ыйгарым укуктуу орган квоталарды бөлүштүрүүнүн жыйынтыгын ыйгарым укуктуу органдын интернет-ресурсуна бөлүштүрүлгөн квоталардын санын көрсөтүү менен 12 айдан ашкан ири мүйүздүү малды, койлорду жана эчкилерди, жылкыларды ташып чыгууга квота алган арыз ээлеринин жыйынтык тизмегин жайгаштырат.

8. Квоталардын көлөмдөрүн бөлүштүрүү ушул Эрежелердин тиркемесине ылайык форма боюнча ташып чыгууга квота бөлүүгө билдирменин негизинде жүзөгө ашырылат. Билдирмеге жеткирүүчүнүн мөөрү жана колу менен күбөлөндүрүлгөн төмөнкү документтер тиркелет:

– орус тилине милдеттүү түрдө которулган жана реквизиттери (контракттын номери жана анын түзүлгөн датасы), анын тиркемеси жана (же) толуктоосу бар тышкы соода келишиминин (контракттын) көчүрмөсү, ал эми тышкы соода келишими (контрактысы) жок болгон учурда – тараптардын ниетин тастыктаган башка документтин көчүрмөсү;

– документтер өкүл аркылуу берилген учурда – ишеним кат, ишенимдүү адамдын паспортунун көчүрмөсү;

– Ветеринардык кызматынын каттоосунда (ишканалардын реестринин эсебинде) бар экендигин тастыктаган документ;

– 12 айдан ашкан ири мүйүздүү малдын, койлордун жана эчкилердин, жылкылардын иш жүзүндөгү саны жөнүндө документ.

Жаныбарлардын айрым түрлөрүн Кыргыз Республикасынан ташып чыгууга квоталардын көлөмүн бөлүштүрүү эрежелерине
тиркеме

Форма

БИЛДИРМЕ

_______________________________________________

(юридикалык жактын толук аталышы же жеке адамдын ФАА)

ташып чыгууга квота бөлүп берүүнү суранат:
ири мүйүздүү малдын башы ____________________ бирдик;
тирүү койдун жана эчкинин башы _______________ бирдик;
тирүү жылкынын башы ________________________ бирдик;

Жетекчи ________________________
(кол тамгасы) _______________________
(ФАА)

Юридикалык жактар үчүн мөөрдүн орду (датасы):

Жеке жактар үчүн паспорттук маалыматтар:
___________________________________________